«Сагынуу»

Сөзү: Өмүрбаев Майрамбек

Обону: Эралиева Каныкей

Каректейим издейм сени жылдардан

Кимге бакыт болдуң экен кимге арман

Жолугушчу күндөр болгонго чейин

Салам жолдойм сагынычтуу ырлардан

Түбөлүктү эмес дүйдө бул жалган

Түркүк болуп айтчы деги ким калган

Сүйүү толгон жүрөгүмдү белекке

Сага жолдойм сагынычтуу ырлардан

Көкүрөктө сага айтчу сыр арман

Көрөөр бекем карааныңды нур тамган

Сага баарын айткым келет тезирек

Салам жолдойм сагынычтуу ырлардан

Өпкүм келет жамалыңды нур чалган

Махабатты айту үчүн ыр калган

Ал андыктан бүт дүйнөмдүн сүйүүсун

Сага жолдойм сагынычтуу ырлардан